**№ 02-041-2024-001171-01-001-000601**

## ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела**

Ош 24.04.2024 -ж./г.

Ош ШИИБнын Тергөө кызматынын тергөөчүсү милициянын ага лейтенанты Р.Абдукаримов, Ош ШИИБнын МЭЖна 02-041-2024-001171 саны менен катталган тергөөгө чейинки текшерүү ишинин иш кагаздарын карап чыгып төмөндөгүлөрдү,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

2024-жылдын 23-апрелинде Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясынан жолдомо каты келип түшкөн, анда 2024-жылдын 22-апрелинде "STAN RADAR" интернет сайтында "Кыргызстандагы шайлоодо орусияга каршы риторика колдонулуда"-деген макала жарык көргөндүгү, себеби Ош шаарындагы бир мандаттуу №7-шайлоо округу боюнча, КРнын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо алдындагы талапкерлердин дебаты учурунда, талапкер Лилиенталь Юлиянын сүйлөгөн сөзүнөн кийин, талапкер М.Маматкуловдун жардамчысы Ю.Лилиентальга карата сын айтып тынчсыздангандыгын билдирген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 23-апрелинде Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001171 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүү учурунда, УТРКда Ош шаарындагы бир мандаттуу №7-шайлоо округу боюнча, КРнын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо алдындагы талапкерлердин дебаты учурунда, талапкер Лилиенталь Юлия "Россия Федерациясы менен жана Германия мамлекеттери менен карым-катнашта иштеше алаарын"-айтып сүйлөгөн сөзүнөн кийин, талапкер М.Маматкуловдун жардамчысы эмес ошол жерде катышуучу катары турган, Ош шаарынын Кулатов кчн. 24-үйүнүн 36-батиринин тургуну, 16.05.1956-ж.т. Усенов Полковник Мамыевич, талапкер Ю.Лилиентальга карата сын айтып тынчсыздангандыгын башкача айтканда "Сиз азыр айтып жатасыз - мен Орусия менен, Германия менен иштеп жатам. Сиз орус жаңылыктарын көрүп жатасызбы? Азыр биздин депутаттардын абалы кандай? Биздин дипломаттардын үйүнө эки милиционер келип, аялы менен балдарын сабап салышкан. А сен болсо унчукпайсың. Кыргызда макал бар; мамлекеттик тилди эки адам билбейт, бири баскынчы, экинчиси акмак. «Биринчиден, кыргыз тилин жакшы билишиң керек жана сүйүшүң керек»-деп билдиргендиги такталган.

Бул жагдай боюнча, П.Усенов күбө катары суралып, ал чындыгында талапкер Ю.Лилиенталь сүйлөгөндөн кийин жарыш сөзгө чыгып жогорудагы маанидеги сөздөрдү айткандыгын, бирок ал сөздөр менен кимдир бирөөнүн кызыкчылыгын колдобогондугун же кемсинтпегендигин, эч кандай жаман оюу жок экендигин билдирген.

Иш алкагында жагдай боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы К.Т. Бердибекова суралып, ал өз көрсөтмөсүндө жогорудагы макаладан кийин КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Лилиенталь Юлия тарабынан Ош аймактык шайлоо комиссиясына арыз даттануу түшпөгөндүгүн билдирген.

Андыктан жогорудагы окуяда, кандайдыр бир кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартууга жатат деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. Жогорудагы факты боюнча, кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.
2. Токтомдун мазмуну кызыккан тараптарга маалыматтандырылсын жана аларга укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун көчүрмөсү Ош шаарынын прокуроруна көзөмөл иретинде ал эми Ош аймактык шайлоо комиссиясына маалымат иретинде жиберилсин.

Тергөөчү: Абдукаримов Рустам Хасылжанович

Сканировано с CamScanner